А 070



# ОРУС ЭЛ ЖОМОКТОРУ

УДК 821.161.1-93
ББК 84 Р 7-4
Ж 79

Китеп Кыргыз Республикасында 2014–2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасы боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы (2014-ж. 2-июнь, № 119) жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомунун 2015-ж. 6-апрель, № 151) негизинде жарык көрдү.

**Редкеңеш:**

*Акматбекова С.*
*Бакиров К.*
*Бондаренко О.*
*Дербишева З.К.*
*Ишеналиева А.О.*
*Молдоканов А.*
*Токтошев К.*
*Эрматов Э.*

Ж 79 **Орус эл жомоктору:** Кенже балдар үчүн. / Котор: *К. Токтошев.* – Б.: «Турар», 2016. – 76 б.

ISBN 978-9967-15-627-2

Орус элинин кенже балдарга арналган бул жомоктору – калп айтпай, алдым-жутум, ач көз болбой таза өсүүгө, адамкерчиликке чакырат.

Ж 4803010201-16
УДК 821.161.1-93
ББК 84 Р 7-4

ISBN 978-9967-15-627-2


© Котор. Токтошев К., 2016
©Кыргыз Республикасынын
Президентине караштуу
Мамлекеттик тил боюнча
улуттук комиссия, 2016

# ҮБӨЛҮКЧӨН КУУ ТҮЛКҮ





Куу түлкү жолдо келатып үбөлүк таап алды. Алды да, андан ары жөнөдү.



Айылга келип, үйдүн терезесин тыкылдатты:

– Тук-тук-тук!

– Бул ким?

– Мендей бийкеч түлкүнү, түнөткүлө бир түнү!

– Сенсиз деле кепе тар. Бизди кыспай ары бар.

– Сизди кыспайм: үстөлгө эле жатам, куйрукту үстөлдүн, ал эми үбөлүктү мештин астына катам.



Ошентип аны киргизип алышты.

Куу түлкү үстөлгө жатты, куйругу анын астына батты, ал эми үбөлүктү мешке катты.



Таң ата туруп, үбөлүгүн өрттөп салды. Анан минтип айгайлады:

– Үбөлүгүм кайда? Анын ордуна тоогуңу байла!



Кедей байкуш кантмек эле, үбөлүк ордуна тоогун берип кутулду.

Куу түлкү тоокту бөктөрүп, кыңылдап ырдап жөнөдү:

– Түлкү жолдо келатып,
Эски үбөлүк таап алды,
Үбөлүк үчүн тоок алды!



Куу түлкү башка айылга келип, терезени тыкылдатты:

– Тук-тук-тук!

– Бул ким?

– Мендей бийкеч түлкүнү, түнөткүлө бир түнү!

– Сенсиз деле кепе тар. Бизди кыспай ары бар.

– Сизди кыспайм: отургучка эле жатам, куйрукту анын астына, ал эми тоокту мешке катам.

Ошентип аны киргизип алышты.

Куу түлкү отургучка жатты, куйругу анын астына батты, ал эми тоокту мешке катты.




Таң ата байкатпай туруп, тоокту жеп салды. Анан минтип ай-гайлады:

– Тоогум кайда? Анын ордуна казды байла!



Кедей байкуш кантмек, тоок ордуна казды карматып кутулду. Куу түлкү казды бөктөрүп, кыңылдап ырдап жөнөдү:

– Түлкү жолдо келатып,
Эски үбөлүк таап алды,
Үбөлүк үчүн тоок алды,
Тоок ордуна казды алды!




Куу түлкү кечке маал үчүнчү бир айылга келип, терезени тыкылдатты:

– Тук-тук-тук!

– Бул ким?

– Мендей бийкеч түлкүнү, түнөткүлө бир түнү!

– Сенсиз деле кепе тар. Бизди кыспай ары бар.




– Сизди кыспайм: отургучка эле жатам, куйрукту анын астына, ал эми казды мешке катам.

Ошентип аны киргизип алышты.

Үркөр маалы болордо, үйгө жарык киреrde куу түлкү акырын туруп, казды жеп койду. Курсагы тойду. Анан үй ээсине мындай шарт койду:

– Менин казым кана? Каз ордуна кызды камда!



Кедей куу түлкүгө кызын бергиси келбеди. Мүшөккө дөбөттү салды да, куу түлкүгө карматты:

– Кызды ал да, жолуңа түш!



Ошентип куу түлкү мүшөктү жонго асып, жолго аттанды. Бир маалда кыздан: «Ырдап кой» – деп суранды. Кыз ордуна мүшөктөн дөбөт ыркырады!

Куу түлкү коркуп кетип мүшөктү ыргытты да, качып жөнөдү... Дөбөт мүшөктөн атып чыгып, анын артынан кууду. Куу түлкү дөбөткө жеткирбей качып келип, дүмүр астындагы ийинге кире качты. Отуруп алып сурап атат:



– Кулактарым-кулагым, эмне иш кылдың чунагым?

– Дөбөт сени жебесин деп, баарын тыңшап укканбыз.

– Бутум, менин буттарым, эмне иш кылдың чунагым?

– Дөбөт сага жетпесин деп, безилдей чуркап куткардык.

– Көзүм, менин карегим, сен эмнени карадың?

– Дөбөт сени жебесин деп, жолду карадык, ийинди таап чоң ишке жарадык.

– А сен жалгыз куйругум, кандай ишти буйрудуң?

– Илинип дүмүр-бутакка, тоскоол болдум качууга.


– Ошондой де! Азыр сага көрсөтөйүн сонунду! – деп куу түлкү куйругун ийинден чыгарды: – Ме, дөбөт, муну же, дөбөт!

Дөбөт куйрукту тиштеп, куу түлкүнү ийинден сууруп чыкты да, экинчи эч кимди алдабас кылып талады.

# АЛТЫН ТААЖЫ КОРОЗ



ОШСКАЯ
областная детская
БИБЛИОТЕКА
Инв. № 255429



Илгери-илгери бир мышык менен чыйырчык, анан дагы алтын таажы короз болгон экен. Алар токойдогу жыгач кепеде жашачу.

Мышык менен чыйырчык отун кыйганы токойго кетет, койкоң моюн корозду жалгыз калтырат.



Кетип жатып анын кулагына куят:

– Биз алыска кетип жатабыз, а сен үйдө оокат кыл. Кыйкырып үн чыгарба. Куу түлкү келсе, терезени ачпа.



Куу түлкү мышык менен чыйырчык алыс узаар менен жыгач кепеге келди, терезенин астына жашынып ырдап берди:

– Короздун үйү салкын,
Таажысы алтын.
Жегени кебек,
Сакалы жибек.
Терезени ачсаң,
Буурчак чачам!



Короз койкойтуп башын терезеден чыгарды. Куу түлкү аны шып илип алып, ийинин карай дыр койду. Короз минтип кыйкырат:

– Түлкү мени алпартат,
Караңгы токой сыртына.
Кең дараны кече өтүп,
Бийик зоонун артына...
Мышык менен чыйырчык,
Куткарып мени калгыла!



Мышык менен чыйырчык короздун үнүн укту. Кууп жетип түлкүнү, корозду куткарып калышты.

Кийинки ирет мышык менен чыйырчык отунга кетип жатышып, корозго акыл айтышты:

– Койкоң моюн корозбай, отургун үнүң чыгарбай. Бүгүн алыстан отун алабыз, үнүңдү укпай калабыз.

Алар кетери менен куу түлкү култуңдап жете келип, ырдап кирди:

– Короздун үйү салкын,
Таажысы алтын.
Жегени кебек,
Сакалы жибек.
Терезени ачсаң,
Буурчак чачам!

Короз мышык менен чыйырчыктын акылын угат, үн катпай турат. Куу түлкү ырын улантат:

– Балдар чуркап келатып,
Буудайын төгүп алышты.
Тооктор терип жеп жатат,
Короздорго бербейтат.

Короз муну угуп, терезеден мойнун койкойтот:

– Ку-ка-ре-ку-у! А эмнеге бербейтат?



Куу түлкү аны шып илип алып, ийинин карай дыр койду. Короз минтип кыйкырат:

– Түлкү мени алпартат,
Караңгы токой сыртына.
Кең дайраны кече өтүп,
Бийик зоонун артына...
Мышык менен чыйырчык,
Куткарып мени калгыла!

Мышык менен чыйырчык короздун үнүн укту. Мышык чуркап келип бир салып, чыйырчык учуп келип чокуп алып, куу түлкүнүн кучагынан корозду куткарып калышты.



Аз өттүбү, көп өттүбү, мышык менен чыйырчык токойдон отун кыйганга камынды. Кетип жатып корозго дагы насаат айтышты:

– Дагы келсе түлкү, боло көрбө күлкү. Биз алыска барабыз, үнүңдү укпай калабыз. Үйдү чачпа, терезени түк ачпа!

Ошентип, мышык менен чыйырчык алыс токойго аттанды. Куу түлкүнүн адаттагы жоругу башталды.

– Короздун үйү салкын,
Таажысы алтын.
Жегени кебек,
Сакалы жибек.
Терезени ачсаң,
Буурчак чачам!

Короз мышык менен чыйырчыктын насаатын угат, үн катпай турат. Куу түлкү ырын улантат:

– Балдар чуркап келатып,
Буудайын төгүп алышты.
Тооктор терип жеп жатат,
Короздорго бербейтат.

Короз дале үн катпайт. Ошондо түлкү ырын минтип улантат:

– Кишилер чуркап келатып,
Жаңгагын төгүп алышты.
Тооктор терип жеп жатат,
Короздорго бербейтат.

Короз муну угуп, терезеден мойнун койкойтот:

– Ку-ка-ре-ку-у! А эмнеге бербейтат?



Куу түлкү аны шып илип алып, караңгы токой сыртындагы, бийик зоонун артындагы ийинин карай дыр койду.



Короз канча кыйкырса да мышык менен чыйырчык анын үнүн укпады. Кайтып келип кечинде, корозду үйдөн таппады.

Мышык менен чыйырчык куу түлкүнүн изине түштү: мышык чуркап барат, чыйырчык учуп барат. Ошентип, түлкүнүн ийинине жетишти. Мышык гуслясын колго алат, коңур добуш үн салат:

– Гуслямдын коңур ыры бар,
Алтындан таккан кылы бар.
Түлкү бийкеч үйдө бекен, ээй,
Жылуу-жумшак жайда бекен, ээй?..



Куу түлкү ырды угуп жатат. Жатат да ойго батат: «Гуслясын колго алган ким? Коңур добуш үн салган ким? Тезирээк чыгып барайын, ким экенин карайын».

Ошентип, куу түлкү ийинден чыгат. Мышык менен чыйырчык аны шып кармап алып, токмоктоп кирет. Тепкилеп чокуп, тээ алыска кубалайт.



Мышык менен чыйырчык корозду койкойтуп себетке салып, үйдөн чыгарбай жүрүшөт. Ошо күндөн ушу күн бейпил турмуш сүрүшөт.


ТҮЛКҮ КАРЫНДАШ МЕНЕН
КАРЫШКЫР АКЕ



Илгери-илгери бир кемпир-чал болуптур. Кайсы бир күнү чал кемпирге мындай дейт:

– Сен кемпир, майтокоч бышыр. А мен болсо чанамды чиркеп балыкка барайын.



Чал чана толо балык кармап, кудундаган бойдон үйүн карай жөнөйт. Жол ортосунда өлүп жаткан түлкүнү көрөт. Чал чанасынан түшүп түлкүгө келет, ал болсо дем чыгарбай жатып берет.



– Жолумда олжо жатса, демек, байбичеге жакшы белек! – деп, чал түлкүнү чанага салат да, атын айдап үйүн карай ашыгат.



Куу түлкү чанадагы балыктарды улам бирден ыргытып, улам бирден ыргытып отуруп, акырында өзү да түшүп калат.



– Оо, кемпир, ишим оңунда, түлкү жака апкелдим тонуңа!– деп сүйүнчүлөйт абышка.

Кемпир келип чананы караса: түлкү да, балык да жок. Айкырып-кыйкырып, абышканы каарып кирет.

Абышка ошондо гана куу түлкү аны өлүмүш болуп алдап кеткенин туят. Кейийт-кейийт, кейигенден не чара?..



Ал эми куу түлкү болсо жолду ката ыргыткан балыктарын чогултуп, бирден алып жей баштайт. Ошо маалда ач карышкыр жете келет:

– Арбаң, түлкү карындаш! Мага деле балыгыңан каралаш!

– Арба, кашаба аке! Кармап ал да, курсагыңды кампайт.

– А мен кармаганды билбейм да...

– А сен арыкка бар, муздун тешигине куйругуңду сал. Кыймылдаба, анан минтип шыбыра:



«Арбал балык, арбал балык,

Чоңуң да, кичинең да кармал балык!»

Ошондо чоң-кичине балыктардын баары өзү эле келип куйругуңа жабышат.

Ач карышкыр арыкка барат, муздун тешигине куйругун малат:

– Арбал балык, арбал балык!

Чоңуң да, кичинең да кармал балык!



Ач карышкыр антип отурганда, акырын басып түлкү карындаш келет.

Карышкыр акени айлана басып, минтип тиленет:

– Асмандагы жылдыз чоң-чоң,

Карышкырдын куйругу тоң-тоң!..

– Түлкү карындаш, эмне деп кобурап атасың?

– Сага жардам берип жатам.



Ач карышкыр түнү бою ордунан козголбой отурат. Куйругу муз менен муз болуп тоңуп калат. Турайын деп туралбайт.

«Опе-ей, куйругума ушунча көп балык жабышып алганбы, анын баарын кантип тартып чыгам?» – деп ойлойт ал. Караса аялдар сууга келатат. Карышкырды көрө салып:



– Карышкыр, карышкыр! Ур аны, ур!– деп айкырат.

Аялдар чуркап жетип, бири аны чака менен, бири аны апкеч менен сабап кирет.

Карышкыр секире берип, секире берип, бир маалда куйругун жулуп качат.

«Кудай урган куу түлкү, алдаган экен. Акыр бир күн колго түшөрсүң!» – деп ичинен кекенет.



Ошентип ач карышкыр өлөрчө таяк жеп келатса, куу түлкү дагы эмнени жула качсам деп ойлойт.

Аялдар куймак куюп аткан кепеге жылып кирип, камыр ачыткан казанга баш салат. Башы-көзүнө камыр жабышып, качып жөнөйт.



Алдынан ач карышкыр чыгат:

– Мени ушинтип окутасыңбы, ыя? Карачы, кандай токмок-тошконун!

– Ээ, тууган!– дейт куу түлкү, – сенин куйругуң жулунуп, аз эле кан чыккан тура. Карабайсыңбы, менин мээмди чыгара чапканын. Бутум шилтенбей, араң келатам.



– Аның ырас,– дейт карышкыр боору ооруп.

– Каякка барышың керек, кел мени мин, жеткирип коёюн.

Куу түлкү карышкырдын жонуна отурат, шыбырап ырдап барат:

– Таяк жеген таяк жебегенди көтөрүп баратат,
Таяк жеген таяк жебегенди көтөрүп баратат!

– Сен, карындаш, эмне деп атасың?

– Мен, абаке: «Таяк жеген токмок жегенди көтөрүп бартат» дебатам.

– Аның ырас, карындаш! Аның ырас!

# АК КУУ-КАЗДАР





Илгери бир эркек менен аял жашаган экен. Алардын бир кызы, анан кичинекей уулу болот.

– Кызым – быйтыгым,– дейт апасы. – Биз жумушка барып келели, а сен бөбөгүңдү жакшы кара! Короодон сыртка чыкпа, акылдуу кыз бол! Биз сага жаңы көйнөк сатып беребиз.



Ата-энеси ишке кеткенде кыз алардын айтканын кулактын сыртында калтырат, бөбөгүн терезенин астындагы туланга отургузуп коюп көчөгө ойноп кетет.

Ошо маалда кайдан-жайдан ак куу-каздар жете келип, баланы канатына кондуруп учуп кетишет.



Кыз ойноп келип, бөбөгүн таппай калат. Ата- энесинен тил угарын туюп, кыз канчалык чакырса да бөбөгү жооп узатпайт.

Кыз айдыңга чуркап чыгып, коюу токой артына кирип жок болгон ак куу-каздарды көзү чалат. Ошондо ал бөбөгүн ак куу-каздар уурдап кеткенин баамдайт. Анткени илгертеден ак куу-каздар аңдып келип кичинекей балдарды уурдап кетет деген аңыз-кеп бар эле.



Кыз алардын артынан кууп жөнөйт. Чуркай берет, чуркай берет, чуркап келатып талаада турган тандырга кезигет.

– Тандыр, тандыр, ак куу-каздар кайда учуп кеткенин айтып койчу?

Тандыр ага минтип жооп узатат:

– Менин кара нанымы жесең айтам.

– Сенин кара наның тургай апамдын ак наны желбей турат...



Ошентип тандыр ага эч нерсе айтпайт.

Кыз андан ары чуркап жөнөйт. Алдынан алма бак кезигет.

– Алма бак, алма бак, ак куу-каздар кайда учуп кеткенин айтып койчу?

– Менин кычкыл алмамды жесең айтам.

– Сенин кычкыл алмаң тургай атамдын таттуу алмасы желбей турат...

Ошентип алма бак да ага эч нерсе айтпайт.




Кыз андан ары чуркап жөнөйт. Жээгине жарма боло көбүрүп аккан сүт дайрага кез келет.

– Сүт дайра, сүт дайра, ак куу-каздар кайда учуп кетишти?

– Менин сүт кошулган жармамды ичсең айтам.

– Менин атамдын сүт каймагы ичилбей турат...



Кыз талаа кезип, токой аралап чуркай берди, чуркай берди. Күн уясына жакындап, үйгө кайтар маал болду. Ошо маалда кыз өзүнөн өзү тегеренген жалгыз көздүү, жалгыз буттуу жыгач кепени көрөт.



Ал кепеде карыган жезкемпир ийик ийрип, а бөбөгү болсо сөрүдө күмүш алмалар менен ойноп олтурат.


Кыз кепеге кирет.

– Саламатсызбы, чоң эне!

– Саламат, селки! Эмне ишиң бар менде?

– Баткак кечип, саз кечип көйнөгүм суу, жылынганы кирдим эле.

– Ийигим ийрип бүткүчө отура тур.



Жезкемпир ийигин ага берип, өзү сыртка чыгып кетет. Кыз ийик ийрип отурса, мештин түбүнөн чычкан чыгат.

– Селки, селки, мага ботко берчи. Мен сага жакшы кеңеш айтам.

Кыз ага ботко берет. Чычкан ага минтип айтат:

– Жезкемпир мончо жакканы кетти. Ал сени киринтип, мешке салып бышырып жейт да, сөөгүңдү сөпөт кылат. Бөбөгүңү жетелеп качып жөнө. Сенин ордуңа ийикти мен тегеретип турайын.



Кыз бөбөгүн жетелеп качып жөнөдү. А жезкемпир терезеге келип минтип сурайт:

– Ай, селки, ийикти ийрип атасыңбы?

Чычкан ага жооп узатат:

– Ийрип атам, чоң эне...

Жезкемпир мончону ысык жагып, кепеге келди. Караса эч ким жок. Ошондо ал ач айкырык салат:

– Ак куу-каздар! Батыраак учуп жеткиле! Эжеси бөбөгүн алып кетти!



Эжеси бөбөгү менен сүт дайрага жетип калган. Караса ак куу-каздар кууп келатат.

– Дайра апаке, мени катып калыңыз!

– Менин сүт жармамды ич.

Кыз анын сүт жармасынан ичип, ыракматын айтат. Дайра аны жар жээгине катып калат.

Ак куу-каздар аларды көрбөй учуп кетишет.




Эжеси менен бөбөгү андан ары качып жөнөйт. Ал эми ак куу-каздар кайра кайтып, алдынан чыгат. Мына-мына көрүп калды дегиче, алмага келишет.

– Айланайын алма бак апаке, мени жашырып калыңыз!

– Менин ачуу алмамды же.

Кыз алманы арыдан-бери аймап ийип, ыракматын айтты. Алма бак шагын ийип, жалбырактары менен жаап калды.

Ак куу-каздар аларды көрбөй учуп өттү, кыз болсо андан ары жүгүрүп жөнөдү. Ал тандырга жетип калганда, ак куу-каздар учуп келатканын көрдү.



– Тандыр энеке, мени жашырып калыңыз!

– Менин кара нанымды же.

Кыз кара нанды оозуна тыга салып, бөбөгү менен тандырдын ичине кирип кетет. Ак куу-каздар ары-бери айланып уча берип, кыйкуулап кыйкыра берип, акыры жезкемпирге куру кол кайтышты.

Кыз тандырга ыракматын мол айтып, бөбөгү менен үйүнө жетти. Дал ошо маалда атасы менен апасы да иштен кайтып келген эле.


АЯЗ ЧАЛ



Илгери-илгери бир кемпир-чал болуптур. Кемпирдин да кичинекей кызы бар, чалдын да кичинекей кызы бар.

Кемпир өгөй кызын акырын басса – аксак деп, катуу басса – таскак деп кылдан кыйкым табат.

А өз кызы эмне кылбасын «акылдуум» деп алкап, көкүлүнөн сылап турат.



Өгөй кыз таң атпай малга чөп салып сугарат, отун жарып, суу апкелет, мешке от жагып, үйдү мизилдете шыпырып-тазалап койсо да өгөй эне жактырбайт.

Бороон деле улуп-улуп басылат го, өгөй кемпир бир өкүрүп баштаса басылмагы тозок. Ошентип, мастан кемпир өгөй кыздан кутулуштун амалын тапты.



– Бар, чал, алдагы кызды көзүм экинчи көрбөсүн, кайда алпарсаң ошоякка алпар. Токойдун ортосуна, кычыраган аязга калтырып кайт! – дейт кемпир чалына.



Чал ары карап ыйлап, бери карап кейип, кемпирдин кебине айла жоктон көндү. Чананы атка чегип:

– Айланайын кызым, чанага отур,– дейт да, бечара кызды токойдогу бийик карагай түбүнө калтырып жөнөп кетти.



Чалдын кызы карагай түбүндө калтырап-титиреп үшүп отурат.

Бир маалда караса анча алыс эмес жерде Аяз чал карагайдан карагайга аттап, бутактарын кычырытып-кучуратып, тырсылдатып келатат. Анан ал кыз отурган карагайдын жанына токтоп, кыздан минтип сурайт:

– Сен үшүгөн жоксуңбу, бийкеч?

– Үшүгөн жокмун Аяз ата, үшүгөн жокмун чоң ата.

Аяз чал эңкейип, мурдагыдан да катуу аяз чачат.

– Үшүгөн жоксуңбу, бийкеч? Үшүгөн жоксуңбу, сулуу?

Кыз араң оозун кыбыратып жооп узатат:

– Үшүгөн жокмун, Аяз ата, үшүй элекмин чоң ата.

Аяз чал андан да ылдый эңкейип, андан да катуу ызгаар чачат.

– Үшүгөн жоксуңбу, бийкеч? Үшүгөн жоксуңбу, сулуу? Үшүгөн жоксуңбу быйтыгый?

Кыз муз болуп тоңо баштаган, эптеп минтип шыбырайт:

– Үшүй элекмин, айланайын Аяз атаке!

Ошондо Аяз чал кызды аяп кетет: үстүнө жылуу тон жаап, мамык төшөккө ороп жылытат.

А өгөй эне болсо кыздын кара ашына камынып, куймак куюп, чалына кыйкырат:

– Бар, карыган качыр, кызыңын сөөгүн апкел!



Абышка токойго барат. Баягы кызын калтырган карагай алдына келип караса үстү-башы алтын-күмүш кундуз тон кийип, жадырып-жайнаган кызы тосуп турат. Жанында кун жетпеген байлык толо сандык бар.

Абышка аябай сүйүнөт, бардык байлыкты чанага салып, кызын отургузуп үйүнө келди.



А өгөй кемпир үйдө кызы менен куймак жеп отурат. Үстөлдүн астынан күчүк минтип кыңшылайт:

– Гав-гав! Чалдын кызын алтын-күмүш менен алып келатат, а кемпирдин кызын эр да албайт.

Кемпир ага куймак сунат:

– Антип үрбө! «Кемпирдин кызын эр алат, чалдын кызынын сөөгүн алып келатат де...»

Күчүк куймакты жеп алып, баягы ырын улантат...



Аңгыча кыйч-куйч эте каалга ачылып, босогодо баштан-аяк алтын-күмүш жаркыраган өгөй кыз кирет. Артынан чоң, оор сандыкты алып келет. Кемпир карап алып, чалкасынан кетет.

– Абышка, чанага башка атты чек, батыраак! Менин кызымы токойго алпарып, кызыңы таштаган жерге таштап кайт...



Абышка кемпирдин кызын чанага салып, баягы жерге жеткирип таштап кайра кайтат.

Кемпирдин кызы тиши-тишине тийбей калчылдап отурат.

А Аяз чал карагайдан карагайга аттап, бутактарын кычыратып-кучуратып, кемпирдин кызына кайрылат:

– Үшүгөн жоксуңбу, бийкеч?

– Ой, тоңуп калдым! Аязыңы ары алчы...

Аяз чал эңкейип, андан да катуу аяз чачат.

– Үшүгөн жоксуңбу, бийкеч? Үшүгөн жоксуңбу, сулуу?

– Ой-боой, буту-колум тоңуп калды! Жогол нары!..

Аяз чал андан да ылдый эңкейип, мурдагыдан да катуу үйлөп кирет.

– Үшүгөн жоксуңбу, бийкеч? Үшүгөн жоксуңбу, сулуу?

– Ой, таптакыр тоңдуруп салдың! Чирип өл, каргыш тийген Аяз чал!

Аяз чалдын ачуусу келип, өгөй кемпирдин кызын муз менен муз кылып тоңдуруп салат.

Таң атпай кемпир чалды токойго жумшайт:

– Картаң качыр, батыраак чанаңы чек да, токойго барып алтын-күмүшү менен кызымы алып кел...

Абышка аттанып кетет. Күчүк болсо үстөлдүн астынан үн салат:

– Гав-гав! Чалдын кызын күйөө күтөт, а кемпирдин кызынын сөөгүн апкелатат.





Кемпир ага боорсок берет:

– Антип үрбө! «Кемпирдин кызын алтын-күмүш менен апкелатат де...»

А күчүк болсо айтканынан кайтпайт:

– Гав-гав! Кемпирдин кызынын сөөгүн апкелатат.



Кыйч-куйч эте дарбаза ачылып, кемпир кызын тоскону чыкты. Кийизди ачып караса кызы небак тыркыйып тоңуп калыптыр. Айкырды-кыйкырды, кеч болуп калса не чара?..

**МАЗМУНУ**

Үбөлүкчөн куу түлкү . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 3
Алтын таажы короз . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 17
Түлкү карындаш менен карышкыр аке . . . . . . . . . 31
Ак куу-каздар . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 45
Аяз чал . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 59

*Көркөм-адабий басылма*

# ОРУС ЭЛ ЖОМОКТОРУ

*Кенже бөбөктөр үчүн*
Бишкек, «Турар» басмасы
*Кыргыз тилинде*

**Которгон ТОКТОШЕВ Капар**

Сүрөтчүлөрү:
Л.Багина, Ю.Исайкин, А.Котёночкин,
Т.Сокольская, Г.Сокольский

Редактору *Ж. Теңирбергенова*
Компьютерде калыпка салган *Р. Төлөбеков*